ЧҮЙ ОБЛУСУНУН
ЫСЫК-АТА РАЙОНУНУН
ЫСЫК-АТА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ЫСЫК-АТА
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ЫСЫК-АТА
ЫСЫК-АТИНСКОГО РАЙОНА
ЧУЙСКОЙ ОБЛАСТИ

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 29-чакырылган кезексиз XIX (он тогузунчу) сессиясы

# ТОКТОМ

# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2026-жылдын 14-августу №94/ XIX -29** **Алмалуу айылы**

**Ысык-Ата айыл аймагынын О. Бөлөбалаев атындагы жалпы билим берүү мектебине эмеректерди сатып алуу долбоорун Ысык-Ата райондук өнүктүрүү фондусуна тапшырууга макулдук берүү жөнүндө**

Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн башчысы М. А. у. Кубанычбек тегинин 2026-жылдын 28-июлундагы №03-13/735 "Ысык-Ата айыл аймагынын О. Бөлөбалаев атындагы жалпы билим берүү мектебине эмеректерди сатып алуу долбоорун Ысык-Ата райондук өнүктүрүү фондусуна тапшырууга макулдук берүү жөнүндө" кайрылуусун карап чыгып жана талкуулап, билим берүү мекемелеринин материалдык-техникалык базасын чыңдоо, окуучулар үчүн заманбап жана ыңгайлуу шарттарды түзүү максатында, **Ысык-Ата айылдык кеңеши токтом кылат:**

1. Ысык-Ата айыл аймагынын О. Бөлөбалаев атындагы жалпы билим берүү мектебине эмеректерди сатып алуу боюнча Ысык-Ата райондук өнүктүрүү фондусуна долбоор тапшырууга макулдук берилсин.
2. Долбоордук документтерди даярдоо, Чүй облустук өнүктүрүү фондусуна тапшыруу жана уюштуруу иштерин жүргүзүү Ысык-Ата айыл өкмөтүнө жана О. Бөлөбалаев атындагы жалпы билим берүү мектебинин директоруна жүктөлсүн.
3. Бул токтомдун аткарылышын Ысык-Ата айылдык Кенешинин социалдык иштер (ден-соолук, билим берүү, маданият, укук коргоо, мыйзамдуулук жана туризм) боюнча туруктуу комиссиясы көзөмөлгө алсын.

Токтом бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага** **Н.Ибраимов**